**Ош мамлекеттик университетинин**
**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн**

# ОТУРУМУНУН

## №3 ТОКТОМУ

**10-октябрь 2022-ж.** **Ош шаары**

**Катышуучулар:**

1. **Бөлүмдүн башчысы:**
   Таштанова Ж.А. - бөлүм башчысы.
2. **ПЦК төрагасы:**
   Тухтаматов А.С. ПЦК төрагасы
3. **Мүчөлөрү:**
- Султанбаева М.Д. – т.и.к., окутуучу;
- Таирова А.Ш. – окутуучу;
- Бекназаров С. – окутуучу;
- Өскөн к. Г. – окутуучу;
- Айдарбекова Н. – окутуучу;
- Имадинова Г. – окутуучу;
- Таир к. Г. – окутуучу;
- Аттокур к. А. – окутуучу;
- Аманова А. – – окутуучу;
- Аманбек кызы Н. – окутуучу;
- Исмаилова Н. – окутуучу;
- Кадырбекова Г. – окутуучу.

4. **Катчы:**
- Исмаилова Н. – окутуучу;

**Күн тартиби:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Окутуучуларга окуу-усулдук тажрыйбасын өркүндөтүү максатында семинар уюштуруу. | ОУКтун төрайымы, |
| 2. | “Мыкты окутуучу” деген номинациянын жобосу менен таанышуу, катышуучу окутуучуну тандап алуу жана аларга көмөктөшүү. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчысы, ОУКтун төрайымы, окутуучулар |
| 3. | Практика боюнча “Котормо иши” (колледж) адистиги үчүн тиешелүү практикалардын жумушчу программасын, күндөлүгүн окутуунун натыйжасына багыттап түзүү жана бекитүү. | Деканат, бөлүмдүн башчысы, практика боюнча жооптуу. |
| 4. | Студенттердин сабакка жетишүү, катышуусун талдоо. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчылары, окутуучулар. |
| 5. | ***Ар түрдүү:*** Модулдук экзамендин суроолорун түзүү жана бекитүү. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчы, окутуучулар. |

Scanned with CamScanner

**1-маселе. Окутуучуларга окуу-усулдук тажрыйбасын өркүндөтүү максатында семинар уюштуруу.**

***Угулду:*** бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** 2022-2023-окуу жылына карата, котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн окутуучуларынын окуу-усулдук тажрыйбасын өркүндөтүү максатында семинар уюштуруу керектигин айтып, окутуучулар ар тараптан семинар-тренингдерден өтүүсү керектигин белгиледи.

***Сөзгө чыкты:*** окуу усулдук иштери боюнча жооптуу окутуучу **Таирова Айсулуу** 15-октябрь күнү бөлүмдүн окутуучусу Султанбаева М.Д. жумушчу программаларды туура түзүү, Блумдун таксономиясы менен иштөө тууралуу бөлүмдүн окутуучуларына семинар өтөт. Семинарда ОМК боюнча кайрадан толуктоолор болуп, дагы жаңы билимдерди үйрөнө алышат. Андан сырткары бөлүмдө жаңы окутуучулар көп болгондугуна байланыштуу дагы көптөгөн семинарлар уюштурулат, ар бир окутуучу УМС төрайымы менен макулдашып семинарлардын күнү тактап ноябрь айында ОК боюнча да семинар уюштурула турганын айтып өттү. Ачык сааттарды өтүүнүн жол жобосу менен УМС төрайымы тааныштырып өттү.

2021-2022 окуу жылында бөлүмдүн октуучулары 900 саат көлөмүндөгү семинар-тренинден өтүштү, сертификаттарды алышкан. Бул окуу жылынгда да бардык окутуучулар семинарлардан өтүшү керектиги айтылды.

бөлүмдө жаш окутучуларынын жумушчу программаларды түзүүдө кетирген каталарын эске алып, окутуучуларга жумушчу программа, окуу-усулдук комплекстерди түзүү жана педагогикалык тажрыйба алуу боюнча семинар уюштурууну сунуштады.

**2-маселе. “Мыкты окутуучу” деген номинациянын жобосу менен таанышуу, катышуучу окутуучуну тандап алуу жана аларга көмөктөшүү.**

***Угулду: ПЦК төрагасы: Тухтаматов А.С.*** 2022-2023-окуу жылына карата “Мыкты окутуучу” сынагына бардык мугалимдер катыша алаарын айтып, катышууну каалаган мугалимдер каттоодон өтүүсү керекктигин айтты.

***Сөзгө чыкты:*** окутуучу ***М.Дж.Султанбаева*** окутуучу Таирова Айсулууну сунуштады, бардык окутуучулар бул сунушту колдошту.

**3-маселе. Практика боюнча “Котормо иши” (колледж) адистиги үчүн тиешелүү практикалардын жумушчу программасын, күндөлүгүн окутуунун натыйжасына багыттап түзүү жана бекитүү.**

***Угулду:*** окутуучу ***Кадырбекова Г.*** 2022-2023-окуу жылы үчүн практикалардын жумушчу программасы, күндөлүгүн окутуунун натыйжасына багыттап түзүү жана бекитүү боюнча колледждин практика иштери боюнча жооптуу окутуучусу чогулуш өтөөрүн. Чогулуш 21-октябрына белгиленди. Таирова Айсулуу – окуу усулдук иштери боюнча жооптуу;

**4-маселе. Студенттердин сабакка жетишүү, катышуусун талдоо.**

***Угулду:*** Бөлүмдүн жетекчиси ***Таштанова Жамила*** катышуу маселеси 1-2-курсстардын арасында жакшы экендигин, бирок 3-курстар арасында сабакка келбегендер көп болуп жаткандыгын белгиледи. Окуу тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу көзөмөлдөөсүн тапшырды.

***Сөзгө чыкты:***

1. ***ПЦК төрагасы Тухтаматов А.С.*** модульдук экзаменедер башталгыча бардык студкенттер сабактарга толук катышуусу зарылдыгын белгилеп, ар бир куратор өзүнүн тайпасын жакшы көзөмөлдөсүн жана сабакка катышуусу начар студенттердин ата-энелери менен байланышуусу зарылдыгын айтып өттү.

Scanned with CamScanner

**5-маселе.** ***Ар түрдүү:*** **Модулдук экзамендин суроолорун түзүү жана бекитүү.**

***Угулду:*** Бөлүмдүн жетекчиси ***Тиштанова Жамиля*** 2022-2023-окуу жылына карата модулдук экзамендерге ар бир окутуучу даяр болуусун, экзамендик суроолорду түзүп, бекитүүсүн тапшырды.

***Сөзгө чыкты:*** окуу усулдук иштери боюнча жооптуу окутуучу **Таирова Айсулуу** модулдук экзамендердин суроолорун окутуунун натыйжасына багыттап түзүүсүн жана ОМС тин тарабынан бекитүүнү сунуштады.

***Окутуучу Аттокур к. Аида*** окутуучулар арасындагы спортакиадага колледждин волейбол курама командасына бөлүмдөн 2 окутуучу катышып жаткандыгын белгиледи.

**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Окутуучуларга окуу-усулдук тажрыйбасын өркүндөтүү максатында семинар уюштурулсун.
2. "Мыкты окутуучу" деген номинациянын жобосу менен тааныштырылсын, катышуучу окутуучу тандалсын.
3. Практика боюнча "Котормо иши" (колледж) адистиги үчүн тиешелүү практикалардын жумушчу программасын, күндөлүгүн окутуунун натыйжасына багыттап түзүлсүн жана бекитилсин.
4. Студенттердин сабакка жетишүү, катышуусу көзөмөлдөнсүн.
5. Модулдук экзамендин суроолорун түзүү жана бекитүүгө сунушталсын.

**Катчы:** **Исмаилова Н.Д.**

Scanned with CamScanner